УДК 008.316.77/930.2(94)

**Молдалиева М.О.**
*КР УИАнын мамлекет жана укук институнун аспиранты*
**Ысырайылова Н.С.**
*И.Арабаев атындагы мамлекеттик*
*университеттин аспиранты*
**Орозобекова Альбина Асылбековна**
*Ж.Баласагын атындагы КУУнун магистранты*

**Молдалиева М.О.**
*аспирантка Института государства и права Национальной академии наук КР*
**Ысырайлова Н.С.**
*аспирантка Кыргызского государственного университета им. И. Арабаева*
**Орозобекова Альбина Асылбековна**
*магистрант Кыргызского национального университета им. Ж. Баласагына*

**M. Moldalieva,**
*PhD student at the Institute of State and Law of the National Academy*
*of Sciences of the Kyrgyz Republic*
**Yyrailova N.S. N.**
*Postgraduate student of the Kyrgyz State University*
*named after I. Arabaeva*
**Orozobekova Albina Asylbekovna**
*master's student at the Kyrgyz National University*
*named after J.Balasagun*

## КЫРГЫЗСТАНДА ЭРКИН ММКДЫН КАЛЫПТАНЫШЫ ЖАНА АЛАРДЫН ӨЛКӨДӨ СӨЗ ЭРКИНДИГИН ОРНОТУУДА РОЛУ

## ФОРМИРОВАНИЕ СВОБОДНЫХ СМИ В КЫРГЫЗСТАНЕ И ИХ РОЛЬ В УСТАНОВЛЕНИИ СВОБОДЫ СЛОВА В СТРАНЕ

## FORMATION OF FREE MEDIA IN KYRGYZSTAN AND THEIR ROLE IN ESTABLISHING FREEDOM OF SPEECH IN THE COUNTRY

**Аннотация.** Макалада Кыргызстандагы эркин басма сөздүн калыптанышы жөнүндө кеп болот. Бул процесстте авторлор эркин басылмалардын негизги тарыхий-теориялык принциптерин жана журналисттик тажрыйбадагы айрым көйгөйлөргө токтолушат. Рынок экономикасынын көз карандысыз басма сөзгө тийгизген оң жана терс кесепеттери боюнча тарыхий-политологиялык талдоо жасалат. Бардык эле учурларда бийлик тарабынан эркин басма сөзгө кысымдар болуп келгени белгиленет. Ошондой эле журналисттер айрым учурда тигил же бул бийликтин камчысын ашкере чаап, журналист эмес эле кайсы бир чоңдун жактоочусу, мактоочусуна айланган жийиркеничтүү учурлар болуп жатканы өкүнүч менен белгиленет.

**Негизги сөздөр:**эркин басма сөз, басма сөз, маалымат каражаттары, пропаганда, журналистика, саясий процесстер, теле-радио, телевидение.

**Аннотация.** В статье речь пойдет о становлении свободной прессы в Кыргызстане. В этом процессе авторы рассматривают основные историко-теоретические принципы свободных пресс и сосредотачиваются на некоторых проблемах журналистской практики. Будет проведен историко-политологический анализ положительных и отрицательных последствий рыночной экономики для независимой печати. Отмечаются случаи постоянного давле-

ния со стороны властей на свободную прессу. Также с сожалением отмечаются случаи, когда журналисты порой преувеличивают хлыст той или иной власти и становятся сторонниками, похвалителями какого-то большого чиновника, который категорически не соответствует журналисткой этике и принципам журналиста.

**Ключевые слова:** свободная пресса, средства массовой информации,пропаганда, журналистика,телевидение.

**Annotation.** The article will focus on the formation of a free press in Kyrgyzstan. In this process, the authors examine the basic historical and theoretical principles of free press and focus on some problems of journalistic practice. A historical and political analysis of the positive and negative effects of the market economy on the independent press will be conducted. There are cases of constant pressure from the authorities on the free press. It is also noted with regret that journalists sometimes exaggerate the whip of a particular government and become supporters and praisers of some big official who categorically does not comply with journalistic ethics and principles of a journalist.

**Key words:** free press, media, propaganda, journalism, television.

Кыргыз Республикасы өз эгемендигине ээ болгон жылдардан баштап көз карандысыз эркин басылмалар жарык көрүп баштаган. Көз карандысыз басылмалардын пайда болушу жана калыптанышы өлкөдөгү демократиялык процесстердин ажырагыс бир бөлүгү болгон десек болот. Эркин басылмалар алгач саналуу болуп сапаты жагынан азыркы басылмалардан айырмаланган.

Басма сөздүн негизги милдеттеринин бири - коомдук пикирди жаратуу болгондуктан Кыргызстандагы ММК мамлекеттин саясий-коомдук турмушуна азыр деле сезилээрлик таасирин тийгизип жатат[1].

Ошентсе да Кыргыз Республикасы ЖМК эркиндиги боюнча постсоветтик мейкиндикте алдыңкы орунда келатканы менен батыш эксперттеринин баамында жалпы дүйнө мамлекеттери менен салыштырганда «демократия аралчасын» сактай албай көрсөткүчтөр төмөндөп жатат. Чет элдик эксперттердин баамында Кыргызстанда сөз эркиндигине болгон мамиле тээ 2007-жылдан баштап кайрадан артка кетүүлөр байкалган жана жакшы жагына өзгөргөн жок[5]. Журналисттерге болгон басым-кысым мурдагыдан күчөгөн ошол жылдардагы тенденция азыр деле сакталууда. Ата Мекендик кыргыз журналистикасы үчүн окуяларды жана пикирлерди чагылдырууда калыстыкка жетишүү- эң оор милдеттердин бири бойдон калууда. Бир катар жылдар бою журналистиканын теориясында советтер союзунун массалык маалымат каражаттары коммунисттик пропаганда катары иштеп келгенин белгилүү. Бул жерде белгилей кетүүчү жагдай агитация жана пропаганда дайыма биринчи орунда туруп, ал эми маалымат-кабар анын “куралы” гана болуп келген. Биз демократиянын шартында жашап жатабвз делген азыркы Кыргызстанда жалпыга маалымдоо каражаттары көп учурда кайсы бир тасирдүү саясий күчтөрдүн максат-мүдөөсүн турмушка ашырган “курал” боло турган маалыматтарды берүүдө[5].

Кайсы заманда, кандай бийлик болбосун, ал бийликтин ырын ырдап, чоорун тарткан, бийин бийлеген басма сөздөр дайым болот.

Акаев менен Бакиевдин учурунда да, андан мурунку советтик мезгилде деле ошондой болгон. Бардыгы советтик маркстик, лениндик идеология бизди алдыга алып чыгат, дүйнөлүк империализм өлүп баратат, чирип баратат, жашасын коммунисттик партия деп кыйкыра беришчү. Бирок чындыгы турмуш такыр башканы көрсөттү. Демек, саясий бийлик менен басма сөздүн ортосундагы көз караш көпчүлүк учурда айкалыша бербейт. Тагыраак айтканда, кээ бирлер кескин түрдө бийлик башында тургандарды жарашса-жарашпаса деле башынан аягына чейин жактап-мактай бере турган болсо, айрымдары тескерисинче, бир беткей баштан аяк жамандап, бийликтин беделин түшүрүүгө аракет жасашат. Бул албетте мыйзам ченемдүү көрүнүш. Бир чети ансыз болбойт. Бизде канча оппозиция болсо, ошончо оппозициялык гезиттер бар эле. Канча саясий партия болсо, алардын да кол алдында өздөрүнүн бирден басылмалары же сайттары бар[2].

Анткени, рынок экономикасынын шартында бир дагы гезит, журнал эч кимге көз каранды болбой, өзүн-өзү бага албайт, бул турмуш чындыгы. Ошондуктан, алардын демөөрчүлөрү, уюштуруучулары (учредитель), жашыруун каржылаган колдоочулары болот. Муну азыр саясий сокур киши деле билет. Азыркы замандын талабы ошондой болуп калды.

Мына ушул процесс Кыргызстандын соңку саясий тарыхынын ажырагыс бөлүгү болду десек болот. Бул жагдай башынан бери келаткан көрүнүш. Мындан ары да улана бериши мүмкүн[5].

2014-жылдын 1-майда Улуттук Илимдер академиясында "Жалпыга маалымдоо каражаттарындагы кыргыз тилинин абалы" деген талкуу өтүп анда "журналисттер тилдин бузулушуна салым кошуп жатат" деген дооматтар, сын көз караштар айтылган. Жыйынга катышып жаткан белиглүү патриарх журналисттер Эсенбай Нурушев, Тилектеш Ишемкулов, Бакыт Орунбеков айрым сөздөрдү туура эмес колдонуп жаткан маалымат каражаттарынын өкүлдөрүн кыргыз тилинин эрежелерин дагы бир жолу көңүл коюп окуп чыгууга чакырган. Айрыкча учурда "жар салды" деген сөз айкашы көп жазыла баштаганы, аны журналисттер "кабарлады" деген сөздүн ордуна колдонуп жатканы сындалган[6]. Негизи бул сөз "даңазалады" деген маанини берет. Ошол Улуттук Илимдер академиясы менен Мамлекеттик тил комиссиясы бирге уюштурган талкууга Бишкекте иштеген бир нече радио, гезит, телекомпаниялардын өкүлдөрү чакырылган.

Ал эми «Азаттык» радиосу көптөн бери, дээрлик жума сайын кыргыз тилинде туура сүйлөөгө чакырган «Сөз дайра» уктуруусун обого чыгарып келатат. Ушинтип кыргыз басма сөзүндөгү мындай алешемдиктерди ары сакалдуу, ары абройлуу журналистер өздөрү белгилеп жатса да балалыгы СССРдин кыйраган учурундагы "кимди ким көрдү, быржыбайды там басты" заманга туш келген, капитализимдин катаал шарттарын мыйзам ченемдүүлүк катары кабылдап калган кийинки жаш муундун журналистери кулак сыртынан кетиришүүдө. Албетте мына ушундай шартта калемгердин коом алдындагы жеке жоопкерчилигинен көп нерсе көз каранды[6].

Бул жерде калемгер, журналист өзүнүн тарых алдындагы жоопкерчилигин да сезе билиши керек деген ойдомун. Анткени ал жазган материал үй бүлөсүнө, тар чөйрөгө эмес кеңири коомчулука арналган, архивде да сакталат, кандайдыр бир деңгээлде коомчулуктун саясий-социалдашуусуна таасир этип жатат.

Акыркы мезгилдерде аракеттеги саясий бийликтин камчысын ашкере чаап "бийликтин Арзыматына айланган" айрым гезит редакторлору журналистиканын принциптерин, журналистин этикасын уруп ойнобой редактор эмес эле бийликтин жасоолуна айланган учурлар кездешет. Азыр алардын ордун фейктер ээлеп жатышат. Ушундан улам басма сөз деги эле ММК өнүлдөрү коомчулук алдындагы жоопкерчиликти сезип тигил же бул саясий топтун, олигархтын, партлидердин куралына айланбай чыныгы калемгерлерден болушса деген тилек же коомдук пикир бар.

Сөз эркиндигине саясий кысым катары журналисттердин ишмердүүлүгүн чектөө жана жеке коопсуздугуна акыркы 2 жылда болгон кол салууларды эске салсак болот. Мисалы, 2020-жылдын 3-мартында беткапчан белгисиз адамдар "ПолитКлиниканын" кеңсесине киришип, документтерди жана кагаздарды чачып, бир нече хард-дисктерди алып кетишкен. Ошол эле жылдын 7-июнунда Талас шаарындагы "3-каналдын" кеңсесин белгисиз адамдар өрттөп кетишкен. Мындай журналисттерге болгон кысымдар уланууда жана бул көрүнүш жарандардын ар тараптуу, көзкарандысыз булактардан маалымат алууга болгон эркиндигин чектейт. Жогоруда айтылгандай, сөз эркиндиги ачык, адилеттүү жана мыйзамдуу коом түзүүгө көзкарандысыз жана түрдүү маалымат булактарына муктаж. Эл деле бийликтин расмий маалымат булактарынан сырткары башка альтернативдүү ой-пикирлерге, маалыматка муктаж болот. Журналист Болот Темировду жана төкмө акын Болот Назаровду колдоп чыккан жарандык коомдун жана тилектештик топтордун активдүү катышуусу бул окуяны бийликтин расмий маалыматынын чындыкка коошпогонун көрсөтө алды. Мыйзамдуу, адилеттүү жана ачык коом түзүү ар бир жарандын катышуусун талап кылат, чек-

сиз башкаруу бийлигин курууга болгон аракетти көзөмөлгө алат. Иликтөөчү журналист Болот Темировдун жана аны менен кызматташкан төкмө-акын Болот Назаровдун күч органдары тарабынан орой, зөөкүрлүк менен кармалышы коомдо резонанс жараткан. Ал эми интернет желесинде заматта уюшулган фейк, тролдор жана жалданма журналисттер бул окуяларды бурмалап, журналист менен төкмө акындын кесиптик гана эмес, адамдык сапаттарына, жакындарынын абройлоруна шек келтирген маалыматтарды биринин артынан бирин таратышты убагында. Жалданган тролдор отряды аркылуу бурмаланган тасмалар, чагымчыл маалыматтар коомдук тармактарда терс пикирди түптөп жатканы да байкалат. Маалыматтын бурмаланып тарашына жана эки жаранга каршы ачык коркутууларга бийликтин катыштыгы бар экенин коом деле билет. Мындай бир беткей уюшулган чабуулдар сөз эркиндигине, көзкарандысыз маалымат булактарына болгон ишенимге доо кетирип элдин саясий маданиятын бузаарына бийлик маани бербей жатат.

Башка кошуна өлкөлөрдөн айырмаланып, Кыргызстанда эгемен болгондон тарта коомдогу негизги жетишкендиктеринин бири – сөз эркиндиги жана жарандык коомдун тилектештиги дечи элек. Тилекке каршы, бийлик тараптан кысымга алынган журналист Болот Темировдун жана төкмө акын Болот Назаровдун, Канышай Мамыркулованын мисалдарынан сөз эркиндигине системалуу жана уюшулган чабуул болуп жатканы анык. Бул жагдай айтылуу англиялык жазуучу Жорж Оруэллдин "Айбан фермасы" аттуу белгилүү саясий сатирасын эске салат. Бул чыгармадагы камтылган ойлор учурда Кыргызстандын коомдук-саясый шарттарын дагы жакшы түшүндүрүп берет деп эсептейм [5]дейт теги Кыргызстандык учурда Германияда жашаган саясат таануучу Гулзат Баялиева .

Албетте граждандар коомдун өзгөрүшүнө реалдуу көз караш менен кароо керек. Бир учурда эркин гезиттер агартуучулук, саясий процесстерди чагылдыруунун жарчысы эле эмес бизнестин бир түрүнө да айланды. Бул обьективдүү жана субьективдүү зарылдыктан келип чыккан мыйзам ченемдүү көрүнүш болчу. "Эркин" деп аталган гезиттердин айрымдары базар экономисаксынын шартында өзүн-өзү каржылоо максатында кандайдыр бир топтук кызыкчылыктардын женил каражатына айланганын да тануугa болбойт. Ооба бул талаштуу маселелердин бири муну танууга эч мүмкүн эмес. Өзгөчө бул тенденцияны сонку жылдарындагы "эркин" басылмаларды барактаган окурман муну сөзсүз баамдайт деп ойлойбуз.

Анан албетте, рынок шартында ар бир басылманын өзүн-өзү каржылоосу объективдүү шарттардан улам өз окурмандарынын калың катмарын табуу мүмкүн эмес эле. Андай болбосо рынок шартында "самандай алоолоп күйүп" жок болуп кетүү тобокелдиги, коркунучу ошол учурларда пайда болгон бардык эле эркин гезиттерде бар болчу.

Бир учурларда улуттук унгулуу нерселерге такыр эле көз жуумп салып, сойкулукка суроо талапты күчөткөн, аны даназалаган бир түрдүү тажатма басылмалардын көбөйүп кеткени эсибизди. Дал ошол басылмалар учурунда эң көп окулган гезиттерге айланганы да чын.

Мисалы: жалан сойкулук боюча "Миң бир түн","Махабат майданы", "Үркөр" Асаба гезитинин тиркемеси болгон "Пайшамба" гезиттерин айтсак болот. Булар сыяктуу басылмалар коомдук психологияга , ан-сезимге тескери таасирин өз учурунда сөзсүз тийгизди.

Ошентип коммунистик идеология эскинин калдыгы болгон, коомду тажаткан дегенибиз менен ошондой көрүнүштөргө бөгөт койгон, советтик лозунгдарды жамандоодон мурун ошол кездин тартибин, шарт жагдайын көз алдыбызга келтирсек болот. Ооба мында кеп идеологияда эмес адамдын ан сезиминде, абийри ыйманында. Коомду ар кандай терс жосун жоруктан, булганыч, ыплас моралдан алыстоо катары гана түшүнүү абзел. Басма сөз "сөз эркиндиги" деп ачык жазган күндө да коомчулуктун кайсы бир бөлүгү андай басылмалардан баш тартпай окуп калганы тарыхий чындык. Ошол эле учурда эл арасында: "Тобоо! Кудай ай кандай заманга бара жатабыз" деп койуп андай гезиттерди жантыгынан жата калып окугандарды көп байкадык.

Эркин басылманын ичинде рекламалык гезиттердин өзүн-өзү каржылоо ,финансы

каражаттарын жабууда рекламалык беттер менен активдүү иштешти. Бул боюнча рынок экономикасынын аренасына чыккан орус тилдуу гезиттерден мисал кылсак болот. Алар Россиядагы басылмалардын филиалы катары жарык көрүп, Россиядагы реформалардын шарттары менен учурунда 90-жылдардан баштап реклама рыногуна каммерциялык гезит катары чыгып бүгүнкү күндө бутунан турган басылмалардын катарына кирищти. Мисалга алсак:

Биринчи группада "Вечерний Бишкек" гезитинин ошол кездеги редактору: прибыл формируется как от реализации ,так и от рекламы за "живые деньги" деген жайы бар.

Экинчи группада "Дело№" жана "Молодежка у Дела" «Купи и продай» көлөмдүү тираждар менен чыгып турду. .

Жогоруда аталган гезиттердин айрымдары убагында өзүн-өзү каржылоо боюнча жогорку каржылык эффективдүүлүккө жетишкен.

Бирок дал ошол каржы кызыкчылыгынын айынан бир катар эркин гезиттер тигил же бул саясий топтун куралына, балит технологияга айланган учурлар көп кездешет. Бирок бул өзүнчө иликтене турган тема.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Акматбекова Ж.А. ММКнын өнүгүү процессиндеги негизги теориялар // Кыргыз журналистикасынын өнүгүш тарыхы. - Б.: Манас таануу, 2002.

2. Богданов Е.Н., Зазыкин В.Г.Психологические основы «Паблик рилейшнз». 2-е изд. СПб.: Питер, 2003. - 208 с.

3. Ворошилов, В. В. Современная пресс-служба / В. В. Ворошилов. - СПб.: Издво Михайлова В. А., 2005'? - 254 с.Горшков М.К. Амбиции СМИ и мнение граждан //Независимая газета, 13.07. 2000 г.

4. Ворошилов В.В. Теория и практика массовой информации: учебник / В. В. Ворошилов. - СПб.: Изд-во Михайлова В.А., 2006. - 494 с.

5. Журналист в поисках информации: Сборник материалов для работников СМИ и будущих журналистов / Под ред. А.К. Симонов. - 5-е изд., испр. и доп. - М.: Галерея, 2004. - 180 с.

6. Б.Орунбеков Журналистиканын негиздери. 2014ж.

7. Ысырайылова Н.С. Сыдыкбаев Ч.М. Азыркы коомдогу массалык маалымат каражаттарынын орду. *Известия национальной академии наук КР 2018г №3 (172-174стр)*

8. Ысырайылова Н.С. Массалык маалымат каражаттарынын тарыхый процесстердеги ролу. *Наука новые технологии и инновации Кыргызстана №3, 2022г*

9. Ысырайылова Н.С, Мамбетсадыкова А.С. Роль СМИ в развитии государственного языка в Кыргызстане Актуальные проблемы теоретической и прикладной филологии. *Уфимский университет науки и технологий город Уфа РФ 2024г (стр198-206).*